| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ** | **БЕКИТЕМ** | **МАКУЛДАШЫЛДЫ** |
| И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын 2024-ж. «01» 11 № 03 протоколу | И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору Н.К.Туруcбекова ___________ 2024-ж. «19» 11 | И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору М.К. Чыныбаев ___________ 2024-ж. «__» ______ |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин билим алуучуларын социалдык колдоо боюнча**

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин (мындан ары - Колледж жана Университет ылайыгына жараша) билим алуучуларынын айрым категорияларына жеңилдиктер жана окутуу үчүн акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын наркын төмөндөтүү түрүндө социалдык колдоо көрсөтүү максатында киргизилген.

1.2. Аталган Жобо:

- мыйзамда жөнгө салынбаган бөлүгүндө билим берүүнүн калыптанган наркынын эсебинен билим алуучуларды социалдык жактан колдоонун тартибин жөнгө салат;
- окуу, таанып билүү жана коомдук иштерде жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен Колледждин билим алуучуларына социалдык колдоо көрсөтүүнүн негиздерин аныктайт;
- Колледждин билим алуучуларына социалдык колдоо көрсөтүү боюнча иш кагаздарын жүргүзүү тартибин жана социалдык колдоо көрсөтүү (жокко чыгаруу) менен байланышкан иштерди уюштуруу үчүн жооптуу адамдардын өз ара аракеттенүүсүн аныктайт;
- Колледжде билим алып жаткан Кыргыз Республикасынын жарандарынын ичинен студенттер үчүн окуу акысына социалдык колдоо көрсөтүүнүн бирдиктүү тутумун (нормаларын) белгилейт;
- Колледждин билим алуучуларынын айрым категорияларына социалдык колдоо көрсөтүүнүн түрлөрүн жана мөөнөттөрүн аныктайт.

1.3. Бул Жобону колдонуу үчүн негиз болуп колледж менен жеке же юридикалык жактардын ортосунда окутуу келишимин түзүү жана окууга кабыл алуу жөнүндө буйрук эсептелет *(«Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 3-февралындагы орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюму жөнүндө» Жобо № 53, 2.3., 2.5-пункттар; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарына билим алуучуларды кабыл алуунун тартиби" ( Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-июнундагы №279 токтому өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) жана Университеттин жана Колледждин жергиликтүү документтери).*